| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**<br><br>**ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ**<br>**АТАЙ АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**<br>**КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br><br>**ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**<br>**АТАЙСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин V чакырылышынын кезектеги I сессиясынын

№3 ТОКТОМУ

13.03.2024-жыл Атай айылы

**«Атай айыл аймагынын айылдык кеңеши" мекемесин түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 "Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө" Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 "Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө" Токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин, "Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген "Юридикалык жактарды жана филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө" Жобону жетекчиликке алып Атай айыл аймагынын айылдык Кеңешинин V чакырылышынын кезектеги I сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. "Көк-Ирим айыл аймагынын айылдык кеңеши" мекемеси жана "Атай айыл аймагынын айылдык кеңеши" мекемеси бириктирүү жолу менен "Атай айыл аймагынын айылдык кеңеши" мекемеси болуп кайра түзүлсүн.

   Юридикалык жактын толук аталышы:

- Мамлекеттик тилде: "Атай айыл аймагынын айылдык кеңеши" мекемеси.
- Расмий тилде: Учреждение " Айылный кенеш Атайского айылного аймака"

   Кыскартылган фирмалык аталышы:

- Мамлекеттик тилде: "Атай айыл аймагынын айылдык кенеши" М-и.
- Расмий тилде: У-е: "Айылный кенеш Атайского айылного аймака"

2. "Атай айыл аймагынын айылдык кенеши" мекемесине өткөрүп берүү актысы бекитилсин.
3. "Атай айыл аймагынын айылдык кеңеши" мекемесинин Жобосу бекитилсин.

4. “Атай айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемесинин юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад облусу, Тогуз-Торо району, Арал айылы, Т.Жээналиев №56 болуп аныкталсын.
5. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын Юстиция органында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.
6. Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

Атай айыл аймагынын
айылдык Кеңешинин төрагасы: Н.Т.Жээнбаев